УДК 81.2/44:811.51

**Алымбаева З. А.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
*Ж.Баласагын атындагы КУУ,*
*"Телевидение" билим берүү программасынын жетекчиси*

## СТИЛДИК КАРАЖАТТАРДЫН КӨРКӨМ ТЕКСТТИН ИНФОРМАТИВДИК НЕГИЗИН ТУЮНДУРУУДАГЫ КЫЗМАТЫ

**Алымбаева З. А.**
кандидат филологических наук, доцент
*Руководитель образовательной программы "Телевидение"*

## РОЛЬ СТИЛЕВЫХ СРЕДСТВ В ВЫРАЖЕНИИ ИНФОРМАЦИОННОЙ БАЗЫ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ТЕКСТА

**Alymbaeva Z. A.**
Candidate of Philological Sciences,
Associate Professor
*Head of the educational program «Television»*

## THE ROLE OF STYLISH MEANS IN EXPRESSING THE INFORMATION BASE OF A LITERARY TEXT

**Аннотация.** Макалада көркөм тексттеги стилдик каражаттар ачык айтпаган подтексттик нюанстарын, көркөм тексттеги көмүскө ойду же маанини, подтекстти ачып берүүдө, тексттин жалпы идеялык маанисин, негизин жетик туюндурууда стилдик каражаттардын орду тууралуу маалымат берилет.
**Негизги сөздөр:** Көркөм текст, стилдик каражат, стилдик коннотация, информация, анафора, подтекст, мазмун, форма.
**Аннотация.** В статье приводится сведение о значении в художественном тексте стилистических средств информации в художественном тексте, скрытые автором нюансы, скрытая идея или смысл в художественном тексте, раскрывая подтекст, рассматривается общий идеологический смысл текста, основное значения стилистических средств.
**Ключевые слова:** Художественный текст, стилистические средства, стилистическая коннотация, информация, анафора, подтекст, содержание, форма.
**Annotation.** The article provides information about the expression (meaning) in the subtext of stylistic media in a literary text, nuances hidden by the author, a hidden idea or meaning in a literary text, revealing the subtext, the general ideological meaning of the text, the main meanings of stylistic means are considered.
**Keywords:** Artistic text, figurative meaning, stylistic means, stylistic connotation, information, linguistics.

Сөз өнөрүнүн керемет күчү лингвисттердин көңүл чордонундагы негизги маселелердин бири болуп, көптөгөн кызыгууларды жаратып, бул багытта тил илиминде изилдөө иштери актуалдуу маселелердин катарын толуктайт. Лингвистикадагы бул изилдөөлөрдүн багыттары, жалпы фону ар түрдүү. Көркөм стилде көркөм информацияны туюндуруунун негиздери, багыттары, жолдору ар түрдүү. Көркөм тексттин көркөмдүүлүгүн арттыруу үчүн тилдик каражаттарды маанилик жактан тереңдетип, кошумча маани сиңирип, каймана маалыматты, автордун ачык айтпаган подтексттик нюанстарын, көмүскө каткан оюн кыйыр маанилерди чөгөрүү, тексттин жалпы идеялык маанисин, сөз төркүнүн, идеяны "кыл жип менен байлап", окурмандын акыл-сезимин, ой-жүгүртүүсүн, аңдап билүүсүн, ой-чабытын өстүрүү аркылуу таасир этүү үчүн, адам сезимин өтө ийкемдүү берүү, информативдик негизин жетик туюндуруу сөз маанилерин ого бетер тереңдетип, кулактын моокумун кандырган, окурманды тамшандырып, көркөм сөз берметтеринин көркөмдүүлүгүн, таасирдүүлүгүн, жугумдуулугун арттырат.

Көркөм текстте тилдик каражаттарды чыгармачылык менен, кынаптап кыш койгондой кылдат колдонуу, тилдик кара-

жаттарга кошумча маани чөгөрүү менен көркөмдүк чыңалуунун кыл чокусуна жеткирүү – негизги маселелердин бири. Көркөм тексттерде подтексттик маани, андагы кыйытылып туюндурулган маңыз өзгөчө ыкмада туюндурулат. Мына ошондуктан стилдик боёк маселеси көркөм сөз өнөрүнүн бүткүл турпатын, түгөл дүйнөсүн түзүп турган маңыздуу ачып берүүдө негизги маселелердин бири.

Чыныгы калемгерликтин белгиси, нукура таланттуулуктун “жашырын сырларынын” бири – тилдик каржаттардын маанилеринин кеңейтилиши, ар бир каражатка, анын тулкусуна, тексткеги олуттуу, өтө маанилүү жүктүн жүктөлүшү. Автор көркөм сөз каражаттарынын ар бирин чыгармачылык менен кынай билгенде гана ал текст окурманга эстетикалык ырахат тартуулап, көркөм дүйнөнүн табылгасына айланып, адамдардын ички жан-дүйнөсүнүн тазарышына, акыл-сезиминин түгөнгүс руханий гүлазык алышына көмөкчү болот. Чыгармачылык нукура талант, көрөңгөлүү жан-дүйнөнүн күчү, турмушту көркөм текстте поэтикалык дүйнөнүн өзгөчө бир ыкмалары менен окурмандын акыл-сезимине таасирдүү, элестүү, образдуу жеткирүүнүн өзүнчө бир формасын таба билүү, көркөм тексттин ажарын ачкан стилдик каражаттарды чебердик менен пайдалана билүү көркөм тексттин адамзатынын акыл-сезимин бүлүккө салган керемет күчкө эгедер кылат. Көркөм материал, көрөңгөлүү идея жана аны берүүнүн гениалдуу ык-амалдарынын бири-бирине дал келген гармониясы асылдык аземи, көркөмдүк күчү бийик, жугумдуу поэзиянын нукура үлгүлөрүнө кошулуучу уникалдуу көркөм текстти жаратат.

Көркөм стиль өзүнүн образдуулугу, экспрессивдүүлүгү, эмоциялдуулугу жана эстетикалуулугу менен башка стилдерден айырмаланат. Бул стилде элдик тилдин бардык байлыгы, көркөмдүк кудурети, элдин рухий казынасы ачылат. Калемгерлер тилдик каражаттардын демейде байкалбаган сыйкырдуу мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен көркөм тексттин ажарын ачып, көркөм ыкмалар менен тилди байытат.

Көркөм текст – тил өнөрү. Тил байлыгын, тилдик каражаттарды өз орду менен чеберден колдонуу аркылуу көркөм сөз алкагында ар кандай жакшы ой өз тереңдигине жетип, ар кандай кызыктуу сюжет, ар кандай көркөмдөлгөн жаратылыш сүрөттөрү, ар кандай бийик идея көркөм сөздүн күчү менен көркүнө чыгат.

Бул айткандарыбыз толук ынанымдуу болсун үчүн кыргыз атын дүйнө окурманына таанымал кылган улуу жазуучу Ч. Т. Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестинен мисал алып, бейтарап каражаттардын фонунда стилдик каражаттар кандайча көркөм образ түзүүчү касиетке ээ болуп, өзүнүн тутумуна, тулкусуна, боюна кошумча маанилерди, нюанстарды туюндурарын ачып берүүгө аракеттенип көрөлү.

Стилдик каражат катары автор анафораны, көркөм текстте айтылган окуяны окурмандын эсине кайра бир ирет салып, кайра эстетүү менен эшалондордун үнүн дагы бир жолу стилдик каражат катары колдонгон. “Алиман бир жаткан кыркырап, жан талашып жатса, о, шумдугуңай, кулагыма тундуруп дагы да баягы эшалон-кыйкырык улаш эки паравоз алып учкан вагондор мээмди как жарып өтүп бараткансып, “Апа-а! Алима-ан!”-деп аркыраган шамал жула качкан үнгө, баланын “ба- а-а!” деп бакырган үнү кошулду. О, турмуш ай, неге мынча катаал болдуң, неге мынча сокур болдуң? Бала да түштү, Алимандын жаны да кете баштады. Кызыл эт немени этегиме антип-минтип орой салып карасам, Бекташ колтугунан алып көтөргөн калыбында, Алимандын мойну бир тарабына кыйшайып, колдору салаңдап калыптыр. “Кокуй, Алиман!”-деп, тамырын кармай салсам, жан жок кетип бара жатыптыр. Аркыраган шамалды жиреп, эшалондун шакылдаганы эч бир кулагымдан кетпей, дүйнөгө келер замат, “Ба-а!”-деп кыйкырган биринчи тунгуч үнү менен өлүп бара жаткан энесине кош айткансып, бала ыйлап, Алимандын көзү муз тартып агына айланып жатты”.

Стилдик боёктуу тил каражаттарды, ритмди, темпти, басымды, логикалык тынымды, үндү кабыл алуу салтынан обочо колдонуу, интонация аркылуу контрасттык маанилер туюндурулган.

**Көркөм текстте** фоностилистикалык коннотация өзгөчө мааниге ээ болду. Башкача айтканда, бул текстте, **ар бир тыбыш, сөз, сүйлөмдүк конструкция, интонация белгилүү бир жүк көтөрүп, кандайдыр бир көркөм-эстетикалык кызмат аткарып турат**. Көркөм текстте фоностилистикалык каражаттар көркөм колдонулгандыктан, тексттеги маани, мазмун эстетикалык таасирдүүлүккө ээ болду. **Подтексттик информация аркылуу чыгарманын эсте-**

**тикалык таасир этүү мүмкүнчүлүгү өстү, көркөмдүүлүгү артты десек болот.** Көркөм чыгармада автордун берейин деген ою, эмоциясы, мамилеси, баасы, маанайы, информациянын мааниси стилдик боёктор аркылуу каймана түрдө чыгармачылык менен туюндурулду.

**Бул тексттеги эмоционалдык-экспрессивдүүлүктүн туу чокусуна жеткирген керемет күч – интонация.**

**Тексттин фоноструктурасы чечүүчү мааниге ээ болуп, фоностилистикалык коннотация көркөм тексттин таасирин күчөтүп**, ага керемет түс берип, каймана маанини көркөм туюндурду.

Айрылуунун трагедиясы Толгонайдын эсинде эшалондордун үнү, уулунун шамал жулуп качкан кыйкырыгы менен сакталгандыгын берүүнүн мыкты жолу экендигин белгилегибиз келет. Бул – автордон чыгармачылык талантты талап кылган ыкма. Автор анафоралык каражатка стилдик маани сыйдыра алган, чыгармада колдонулган “эшалондордун үнүн” Толгонайдын эсиндеги айрылуунун трагедиясы катары колдонуп, тилдик каражатка опол тоодой жүк жүктөп, идеяны каймана туюндурууда көркөмдүккө жетише алган.

**Көркөм тексттеги анафоранын колдонулушу** айтылуучу **ойдогу трагедияны баса көрсөтүп**, речтин темпи **подтекст туюндуруучу мааниге ээ** болуп, чыгарманын идеялык-эстетикалык негизин ачууга көмөктөшүп, **мазмун туюндуруучу касиетке ээ** болду.

Сөздүн коннотациялык мааниси окурманда тилдик сезимталдыкты өөрчүтөт жана көркөм табитти жаратат. Тилдин стилистикалык мүмкүнчүлүгүн түшүнбөгөн адам жогорудагыдай коннотациялык маанилерди колдоно албайт жана аларды түшүнүүгө да мүмкүнчүлүгү жетпейт. Демек, стилдик коннотациялар аркылуу айтылган информациядагы концептуалдуу маанини туюп-билүүгө болот. Башкача айтканда, сөздөрдүн лексико-стилистикалык, фоностилистикалык, грамматика-стилистикалык боёктору аркылуу сүйлөшүүдөгү негизги саясатты, сүйлөшүүнүн, сөздүн төркүнүн, сүйлөшүүнүн түпкү максатын, эмоциялык негизин, сүйлөшүүдөгү маанилик оттенокту билүүгө болот. Ошондуктан стилдик коннотация маселеси стилистиканын эң негизги, маанилүү маселелеринин бири болуп эсептелинет. Түпкү негизинде көркөм чыгарма адамдын жан дүйнөсүн калыптандырат. Анда окуялардын белгилүү бир ыраатуулугу бар. Анда кайталангыс, кылдат сүрөттөөлөр, өтмө маанидеги сөздөр, көркөм сөз каражаттары, образдуулуктун элементтерин камтыган тилдик каражаттар, стилдик коннотациялар өтө көп кездешкендиктен, көркөм чыгарма адамдын көркөм ой жүгүртүүсүн да өнүктүрөт. Ошондуктан көркөм сөз усташтары тарабынан биз күнүмдүк турмушта колдонуп жүргөн “жөнөкөй” гана сөздөр сыйкырдуу күчкө ээ болуп, кадимки, жандуу нерседей адамдын акылына да жана сезимине да таасир этет. Тилдик каражаттардын кайсынысын албайлы, көркөм чыгарманын алкагына өткөндө таанылгыс болуп өзгөрөт. Көркөм текстте акын-жазуучунун чыгармачылыгы менен тилдик каражаттар бир нече кошумча маанилерди өз боюна сиңирип, алардын башта байкалбаган маанилери, маанилик оттеноктору ачылып, көркөм сөз дүйнөсүндө тилдик каражаттардын жаңы өңүтү, жаңы жагдайлары ажайып көрүнөт.

Стилдик каражаттар аркылуу подтексттик информацияны, автордун ачык айтпаган подстилдик ньюанстарын, көркөм тексттеги көмүскө ойду же маанини, подтекстти ачып берүүдө, тексттин жалпы идеялык маанисин, негизин жетик туюндурууда олуттуу роль ойнойт жана ошондой эле бул маанилерди ого бетер тереңдетип, көз жоосун алып, окурманды тамшандырып, көркөм сөз берметтеринин көркөмдүүлүгүн, таасирдүүлүгүн, жугумдуулугун арттырат. Ошондой эле көркөм тексттин спецификасын түзгөн поэтикалуулукту, образдуулукту, экспрессивдүүлүктү, эмоционалдык-эстетикалык таасирдүүлүктү камсыз кылат. Подтексттик информацияны кыйытып туюндурган стилистикалык коннотациялар окурмандын көркөм кабылдоосуна таасир этип, тексттеги экспрессивдүүлүктү камсыз кылат.

Чыгармачылык чеберчилик, нукура таланттуулук, мыкты калемгерликтин уюткусунда жаралган көркөм текстте сөз мааниси кеңейтилип, ар бир тилдик каражатка, анын тулкусуна олуттуу маани ыйгарылып көркөм сөз каражаттарынын ар бири чыгармачылык көркөмдүк менен берилет.

Мыкты көркөм текстте жөн эле колдонулган бир да сөз, мүчө, тыбыш, атүгүл графикалык белгилер (үтүр, чекит, көп чекит, сызыкча) болбойт. Аталган каражаттарды көркөм тексттин идеялык мазмуну менен тыгыз байланышта карай турган болсок,

анда фоностилистикалык каражаттардын бардыгы **эмоционалдык-нарктагыч, эмоционалдык-экспрессивдик касиетке** ээ болуп чыга келет жана **бул көрүнүш көркөм тексттин табият-маңызынын өзгөчөлүгү менен түздөн-түз шартталган**. Мисалга алынган конкреттүү ушул **көркөм тексттеги тилдик каражаттардын көркөмдүк-стилистикалык дарамет күчү каармандын мүнөзүн, психологиялык ой-туйгусун, сезим-абалын реалдуу берүүгө көмөк көрсөтүү менен, сөздүн кубулма, ассоциативдүү айкындуулугун, кайталангыс образдуулугун, элестүүлүгүн**, тактап айтканда, өзгөчө мүнөздөгү **экспрессивдүүлүгүн арттыра алды** жана **алар көркөм текстке ажайып көркөмдүк тартуулады.**

Көркөм тексттеги фоноструктура чоң мааниге ээ. **Көркөм текстте колдонулган фоностилистикалык каражаттар**дын жыйындысы **чыгармага керектүү фон түзүп**, ал **автордун жеке** индивидуалдуу **көркөм деталдаштыруусу менен ишке ашат**. Автор айтайын деген идеясын, оюн сөздүн денотациялык мааниси аркылуу гана эмес, ар кандай фоностилистикалык коннотациялар, лингвистикалык жана экстролингвистикалык факторлорду камтыган стилдик каражаттар аркылуу көркөм чагылдырат. Автордун негизги идеясы мына ушул стилдик коннотациялар аркылуу подтекстте берилет.

Көркөм текст дүйнөнү көркөм чагылдырып, адам баласына эстетикалык ырахат тартуулоо, руханий азык берүү максатын көздөп, ушул максатта кызмат аткарат. Мындай тексттерде поэтиканын мыйзамдарына ылайык көркөм ой жүгүртүлөт, берилүүчү информация кыйытылып, табышмактуу, көркөм, эстетикалуу туюндурулат.

**Адабияттар:**


1. Бахтин М. М. Эстетика словесного творчества. –М.: Искусство, 1979. -423 с.
2. Ефимов А. И. Стилистика художественной речи.-2-е изд., –доп. и перераб.-М.: Изд. МГУ, 1961. -519 с.
3. Маразыков Т. С. Тексттеги катафоралык интеграция // Алымов Бектурсун: (проф.Б.Алымовдун 70 жылдыгын эскерүүгө арналган республикалык илимий-практикалык конф. материалдары). - Бишкек, 2003. -411-415 б.
4. Усубалиев Б. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. –Бишкек: Картпредприятие УД МСХ КР, 1994. -200 б.
5. Шанский Н. М. Художественный текст под лингвистическим микроскопом. –М.: Просвещение, 1986. -160 с.